Бекитемин

Мектеп директору:

_________ Термечиков М.А

24-август 2021-жыл.

**Үтүр Калиев атындагы Чолпон жалпы орто билим берүү мектебининде окуү процессинин катышуучуларынын жүрүм-турумунун этикалык ченемдери 2021-жылдын 24-августундагы №1 педагогикалык кеңешмеде талкууланган.**

## Адеп кодекси

**Окуучуларга карата:**

-Окуучуларымды сыйлайм;

-Улутуна,жынысына, материалдык абалына карабай, баарына бирдей мамиле кылып окутам;

-Окуучулардын физикалык, интелектуалдык, руханий өнүгүшүнө көмөктөшөм;

-Билим берүү министирлигинин стандарттары, окуу программасы менен окутуу максаттарына так коюлган сабактарды өткөрөм.

-Окутуу-тарбиялоо процессинде сыйлык менен жазага кылдат мамиле жасайм;

-Класска ар дайым жагымдуу атмосфера тузгөнгө аракет кылам;

-Адамдар ортосундагы мамиледе мыкты жол көрсөткүч болом;

-Билим-тарбия берүүдө окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алам;

-Зыяндуу адаттардан кутулуп, пайдалуу адаттарды калыптандырууга үлгү боло алам;

-Окуучулардын табигый шык-таланттарына, жөндөмүнө жараша багыт берем.

-Окуучулардын ден-соолугун, психикалык абалын, темпараментин эске алуу менен окутам.

-Ата энелер менен тыгыз байланышта болом.

**Кесиптештерге карата:**

-Кесиптештеримдин өздук өзгөчөлүктөрү, ой-пикирлерин кадырлайм;

-Сөзүм, журүм-турумум, билимим жакшы көз караш калыптандыргандай иш-аракет жасайм;

-Мектеп жетекчилиги тарабынан берилген тапшырмаларга жоопкерчиликтүү мамиле жасайм;

-Өз ара сабактарга катышам;

-Ишке байланыштуу сын-пикирлерди туура кабылдайм;

-Кеситештеримдин жаш өзгөчөлүгүнө карай туура мамиле кылам;

-Олутту маселени чечип жатканда "өзүм билемдикке" салбайм;

-Өз ара пикир келишпестиктер болбош үчүн сабырдуу болом;

-Мектепте эмгектенген баардык кызматкерлерге бирдей мамиле жасайм;

-Кесиптештеримдин оздүк жеке маселелерине кайдыгер маиле жасабай колумдан келген жардамды берүүгө аракет жасайм.

**Жеке жоопкерчилик боюнча:**

-Кесибиме байланыштуу эрежелерди сактайм;

-Педогогикалык кесипке жарашыктуу жалпы интеллектуалдык маалыматка ээ болом;

-Окуучу, ата-эне, кесиптештерим менен жакшы мамиле куруунун жолдорун билем;

-Убакытты туура пайдаланып, пландуу иш жүргузом;

-Кесиптештерим менен тажрыйба алмашып иштөөнү, ийгиликтин ачкычы деп эсептейм;

-Окуучуларга мотиватор болуунун техникасын өздоштурөм;

-Мектепте, коомчулукта жана башка жерлерде жүргөндө мугалимдик имиджимди сактайм;

-Айткан сөз менен кылган ишим төп келет;

-Кесибиме байланыштуу маалыматты сыртка чыгарбайм;

-Дин, ата-мекен, байрак жана тил сыяктуу баалуулуктарга урмат көргөзөм.